Борбордук шайлоо комиссиясы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, негизги конституциялык Мыйзамдарды – «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» мыйзамдарын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын бир катар нормативдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасы шайлоонун чынчылдыгын, ачыктыгын жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуучу төрт негизги принципке таянат.

**Жалпы шайлоо укугу.**

Кыргыз Республикасынын жарандары 18 жашка толгондо шайлоого катышып добуш берүүгө, ал эми Конституцияда белгиленген жаш курагына жеткенден кийин – мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу.

Ар бир жаран бул укукка өзүнүн тек-жайына, жынысына, расасына, этникалык таандыктыгына, майыптыгына, билим деңгээлине, кызматтык же мүлктүк абалына, дин тутумуна, саясий же башка ишенимдерине карабастан ээ.

**Теңчилик.**

Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоого тең укуктук негизде катышат — ар бир добуштун укуктук күчү бирдей.

**Тике шайлоо.**

Жарандар Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын түздөн-түз өздөрү шайлашат.

**Купуя добуш берүү.**

Добуш берүү купуя жүргүзүлөт, бул жарандардын эркин билдирүүсүнө көзөмөл же басым жасоо мүмкүнчүлүгүн толук жокко чыгарат.

Жалпысынан бул принциптер мамлекеттик органдарга болгон легитимдүүлүктү жана ишенимди камсыз кылган бирдиктүү, бүтүн системаны түзөт.

Жогорку Кеңештин 90 депутаты 5 жылдык мөөнөткө көп мандаттуу шайлоо округдарынан мажоритардык система боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо үчүн өлкө боюнча 30 көп мандаттуу шайлоо округу түзүлөт, ар бир округдан 3төн депутат шайланат.
Ар бир шайлоо округунда шайлоочулардын саны орто эсеп менен 140 миң адамды түзөт, мүмкүн болгон четтөөнүн өлчөмү ±20% болуп эсептелет.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына көп мандаттуу шайлоо округдарында талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

- саясий партияларга;
- жарандарга, өз алдынча (өздөрүн көрсөтүү аркылуу).

**Саясий партия:**

- ар бир шайлоо округунда бир талапкерди көрсөтөт;

- партия мүчөсү эмес талапкерлерди көрсөтө алат, бирок башка саясий партияга мүчө болгон жарандарды көрсөткөнгө укугу жок;
- гендердик тең өкүлчүлүк талаптарын сактоого милдеттүү: талапкерлердин арасындагы бир жыныстагы адамдардын үлүшү 70% дан ашпашы керек.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо контролдук тизмеге кирген шайлоочулардын саны 4 297 040 адамды түзөт, алардын ичинен:

- эркектер – 2 082 263 (48,5%),
- аялдар – 2 214 777 (51,5%).

18-35 жаштагы жаштардын үлүшү 1 811 073 адамды (42%) түзөт, алардын ичинен 103 744 шайлоочу биринчи жолу добуш берет.

Шайлоочулардын курактык категориялары боюнча бөлүнүшү:

- 36-45 жаш – 924 478 адам;
- 46-55 жаш – 651 676 адам;
- 56-65 жаш – 530 193 адам;
- 66 жаш жана андан улуу – 379 620 адам.

Шайлоочулардын тизмелери тууралуу кенен жана кеңири маалымат Кыргыз Республикасынын БШКнын веб-ресурсунда – мамлекеттик «ТИЗМЕ» порталында.

Эми талапкерлерге тиешелүү маселелерге токтолсок.

**Жогорку Кеңештин депутаты болууга ким укуктуу?**

Талапкер болууга:

- шайлоо күнү 25 жашка толгон;
- жогорку кесиптик билимге ээ;
- мамлекеттик тилди билген;
- талапкерлигин көрсөткөнгө чейин акыркы 5 жыл ичинде Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны укуктуу.

**Ким шайлана албайт?**

Жогорку Кеңештин депутаты болууга төмөнкү адамдар укуксуз:

1) соттолгондугу бар, анын ичинде алып салынган же жоюлган;

2) аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

- коркунучтуулугу аз кылмыштар, этиятсыздыктан жасалган анча оор эмес кылмыштар;
- Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тарткан жана (же) жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкен учурлар;

3) диний ишмерлер өздөрүнүн диний ишин токтоткондон кийин 5 жыл ичинде.

Талапкерлердин документтерин конституциялык Мыйзамдын талаптарына шайкештигин текшерүү **«Түндүк»** электрондук мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жүргүзүлөт.

Текшерүү үчүн маалымат төмөнкү мамлекеттик органдардан алынат:

- **Санариптик өнүктүрүү министрлиги** – паспорттук маалыматтар, жарандык жана каттоо боюнча маалыматтарды тастыктоо;
- **Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги** – жогорку билимдин бар экендиги тууралуу маалымат жана дипломдордун чын-төгүндүгүн текшерүү;
- **Юстиция министрлиги** – саясий партиялардын каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндө маалымат;
- **Ички иштер министрлиги** – соттолгондугунун бар же жок экендиги тууралуу маалымат;
- **Башкы прокуратура** – кылмыш жоопкерчилигине тартылгандыгы же соттолгондугу тууралуу маалымат;
- **Жогорку сот** – акыркы соттук чечимдер (соттук актылар) тууралуу маалымат.

Ар бир шайлоо округу боюнча талапкерлер тууралуу толук маалымат **«Электрондук талапкер»** порталынан алса болот.

Ар бир талапкердин барагында жайгашкан маалыматтар:

- жалпы биографиялык маалыматтар;
- шайлоо программасы;
- шайлоо фонду тууралуу маалыматтар.

Банктардан алынган маалыматтар **«Каржылык ачыктык»** автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу автоматтык түрдө БШКнын сайтында көрсөтүлөт.

Бул система талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фондунун каражаттарынын агымына так жана кенен маалымат берет, анын ичинде:

- каражаттар качан, кимден жана кандай көлөмдө атайын эсепке түшкөн;
- качан, кимге, кайсы товарлар же кызматтар үчүн жана кандай суммасында чыгымдар жасалган.

Шайлоо кампаниясынын календарлык планына ылайык, талапкерлерди каттоо 10-ноябрда аяктаган, андан соң шайлоо алдында үгүт башталган. Үгүт өнөктүгү бүгүн, 29-ноябрда саат 8:00дө белгиленген эрежелерге ылайык аяктаган.

Көрсөтүү (талапкерлик) баскычында – **589 талапкер** көрсөтүлгөн (эркектер – 365, аялдар – 224).

Шайлоого катышуу ниетин **3 саясий партия** билдирген.

Каттоо боюнча маалыматтар:

- Жалпы катталган талапкерлер – **470** (эркектер – 271, аялдар – 191), алардын ичинен:

- **«Ынтымак» саясий партиясынан** – 9 талапкер (эркектер – 6, аялдар – 3);

- **өз алдынча көрсөтүлгөндөр** – 461 талапкер;

- катышуудан баш тарткан – 63 талапкер;
- каттоого уруксат берилбеген – 56 талапкер;
- каттоо жокко чыгарылган – 10 талапкер.

Натыйжада шайлоого **460 талапкер** катышат, алардын ичинен эркектер – 271 (58,91%), аялдар – 189 (41,09%).

Шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгү маанилүү роль ойнойт.

Айым талапкерлердин активдүүлүгү бизди кубандырат:

- 8 округда ар биринде 3–4 айым талапкер көрсөтүлгөн;
- 14 округда ар биринде 5–7 айым талапкер;
- 4 округда ар биринде 8–9 айым талапкер;
- дагы 4 округда ар биринде 10–11 айым талапкер.

Талапкерлер арасындагы жаштардын (25–35 жаш) катышуусу – **50 адам** (11%), анын ичинен эркектер – 35, аялдар – 15.

**16 талапкер** – майыптыгы бар адамдар (I жана II топтогу майыптар – 12, III топтогу – 4).

Шайлоо мыйзамдарындагы акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, шайлоо күрөөсүнүн ордуна **шайлоо төлөмү** киргизилген, ал кайтарылбайт жана республикалык бюджетке түшөт.

Төлөмдүн өлчөмү:

- талапкер үчүн – **300 миң сом**;
- III топтогу майыптар үчүн – **70 миң сом**;
- I жана II топтогу майыптар үчүн – **50 миң сом**.

Кайтарылбай турган төлөмдү киргизүүнүн максаты – талапкерлигин көрсөтүп жаткан адамдардын жоопкерчилигин жана ниетинин олуттуулугун жогорулатуу. Бул чара, негизинен, жоопкерчиликсиз же олуттуу шайлоо кампаниясын жүргүзүүгө ниети жок талапкерлерди электен өткөрүү максатында иштейт.

147 080 000 сом түшкөн, ал каражат республикалык бюджетке которулат.

Бүгүн, 29-ноябрда, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү болууда.

Ага төмөнкүлөр укуктуу :

- шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден-соолугуна же майыптыгына байланыштуу шайлоо участкасына добуш берүү үчүн келе албаган шайлоочулар;

- добуш берүү күнү ооруканада, шектүүлөр менен айыпталгандардын камак жайларында;

- алыскы, барууга кыйын аймактарда жана алыскы мал жайыттарында убактылуу жашаган шайлоочулар;

- ошондой эле өзгөчө учурларда тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечими менен төмөнкүлөр:

-добуш берүү күнү калктуу пункттардан алыс жайгашкан;

- обочолонгон жерлерде жайгашкан аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөп жаткан аскер кызматчылары;

- добуш берүү күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери;

- үзгүлтүксүз иштөө цикли бар ишканаларда иштеген шайлоочулар (тизмени Борбордук шайлоо комиссиясы бекитет)

- вахталык негизде иштеген шайлоочулар.

Эгерде, алардын убактылуу турган жери шайлоо участогуна кирген аймакта болсо, анда алар убактылуу турган жеринде добуш беришет.

Мындай шайлоочуларга добуш берүү күнүнө календардык бир күн калганда добуш берүү жайдан тышкаркы добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Добуш берүүчү жайдан тышкаркы добуш берүү - добуш берүү күнүнө бир күн калганда, саат 8:00дөн 20:00гө чейин гана жүргүзүлөт жана шайлоочунун орун-жайдан тышкары добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү сураган жазуу түрүндөгү арызынын негизинде ишке ашырылат.

Добуш берүү шайлоо күнү саат 8:00 дөн 20:00 гө чейин жергиликтүү убакыт боюнча жүргүзүлөт.

Бул шайлоодо БШКнын 12 мүчөсү, 30 округдук шайлоо комиссиясынын 427 мүчөсү жана 2492 участкалык шайлоо комиссиясынын 24 995 мүчөсү иш алып барууда.

Ар бир шайлоо участогунда максималдуу шайлоочулардын саны адатта 3 000 адам түзөт.

Ошондой эле, БШКнын чечими менен 27 аралыктан добуш берүү участогу түзүлгөн (адамдар көп болуучу жайларда: соода борборлору, аэропорттор, базарлар ж.б.).

Былтыр биз шайлоо жабдууларын модернизациялаганбыз, эми беш компоненттүү жабдуунун ордуна **бир универсалдуу жабдуу** колдонулат. Ал шайлоочуларды ар кандай параметрлер боюнча тааный алат жана шайлоо бюллетендерин басып чыгара алат.

**Негизги өзгөчөлүктөрү:**

Таануу (идентификация):

Шайлоочуларды бет формасы жана манжа изи боюнча, ошондой эле ар кандай түрдөгү улуттук паспорттордон маалымат окуу мүмкүнчүлүгү бар,

анын ичинде «Түндүк» тиркемесиндеги электрондук документтерди окуу мүмкүнчүлүгү каралган.

Тышкы миграциянын жогорку деңгээлин эске алсак, чет жактагы шайлоочуларыбыздын добушу биз үчүн абдан маанилүү.

Жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна шарт түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин сунушу менен **чет өлкөдө 100 шайлоо участогу** түзүлгөн (34 өлкө, 89 шаар) (мурда – 59 участок).

**Чет өлкөдөгү шайлоо участокторунун бөлүнүшү:**

- Россия – жалпы 40 участок 31 шаарда, анын ичинде 15 шаарда мурда болгон эмес;
- Түркия – 8 участок;
- Казакстан – 7 участок;
- АКШ – 6 участок;
- Корея – 4 участок;
- Италия – 3 участок;
- ФРГ, Кытай, БАЭ, Сауд Аравиясы – ар биринде 2 участок;
- Калган 24 өлкө – ар биринде 1 участок.

Бул шайлоодо аралыктан добуш берүү бүт республика аймагында колдонулат.

Аралыктан добуш берүүнүн максаты – шайлоо тизмесине кирген, бирок туруктуу катталган жеринде шайлоо участогунда добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон жарандар үчүн шайлоо укугун жүзөгө ашыруу.

Бул шайлоодо аралыктан добуш берүү төмөнкү жерлерде колдонулат:

1. Кыргыз Республикасынын бардык шайлоо участокторунда;
2. Чет өлкөдө түзүлгөн шайлоо участокторунда;
3. БШКнын чечими менен түзүлгөн аралыктан добуш берүү участокторунда.

Шайлоочуларды идентификациялоо эки формада жүргүзүлөт:

- Онлайн идентификация (каттоо жеринен көз карандысыз, добуш берүү күнү) – аралыктан добуш берүү үчүн;
- Оффлайн идентификация (каттоо жериндеги шайлоо участогунда) – адаттагы добуш берүү үчүн.

Аралыктан добуш берүүгө бир шайлоо округунун ичиндеги өз участогунан башка жерде катышууга болбойт.

Мисалы: эгерде шайлоочу Баткенде катталган, бирок Бишкекте болсо, ал Баткендеги талапкерлер үчүн онлайн идентификациядан өтүп, Бишкектеги каалаган шайлоо участогунда добуш бере алат.

Эгер шайлоочу Айдаркен шаарында, бирок Кадамжайда катталган болсо, ал аралыктан добуш бере албайт, анткени эки шаар бир шайлоо округуна кирет. Ал туруктуу катталган жериндеги Кадамжай участогунда добуш берүүгө тийиш.

Идентификация ийгиликтүү өткөндөн кийин, шайлоочуга биометрикалык идентификациядан өткөнүн тастыктаган чек жана шайлоо бюллетени чыгарылат.

Бир гана талапкерге добуш берилет!

Маалыматтык шайлоо системасы Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында добуш берүү процесси жана натыйжалары боюнча маалыматтарды чогултуу жана көрсөтүү үчүн колдонулат.

Ал үч баскычтан турат:

1. шайлоо бюллетендерин кабыл алуу жана эсептөө;
2. маалыматты БШКнын серверине коопсуз канал аркылуу өткөрүү;
3. жыйынтык маалыматты баарына ачык көрсөтүү үчүн оперативдүү көрсөтүү.

**Добуш берүү жыйынтыктарынын тактыгы жана ачыктыгы камсыздалат.**

Добуш берүү аяктагандан кийин бир сааттын ичинде автоматташтырылган маалымат системасынын (АСУ) 84% маалыматы серверге келип, БШКнын сайтында көрсөтүлөт.

Участкалык шайлоо комиссиясында бюллетендер кол менен саналып, добуш берүү жыйынтыгынын протоколу толтурулган соң, АСУ оператору БШКнын борбордук серверине УШКнын мөөрү менен тастыкталган добуш берүү жыйынтыгы боюнча протоколду, шайлоочулардын идентификациясынын баштапкы жана акыркы чектерин жана АСУнун чегин сканерлеп, жөнөтөт.

Сканерден өткөн шайлоо документтеринин көчүрмөлөрү добуш берүүнүн жыйынтыктар сайтына (newess.shailoo.gov.kg) жарыяланат:

- АСУнун баштапкы жана акыркы отчёттору;
- идентификация боюнча баштапкы жана акыркы отчёттор;
- УШКнын кол менен эсептөө протоколу.

Шайлоо жыйынтыгы боюнча ар бир округда эң көп добуш алган үч талапкер депутаттык мандатка ээ болот.

Бир жыныстагы адамдардын үч мандатты ээлебеши үчүн чек коюлган: үч орундун ичинен эгерде бир жыныстагы талапкерлердин саны үчкө жетсе, анда 2 орун гана ошол жыныстагы талапкерлерге, калган 1 орун башка жыныстагы талапкерге берилет. Мүмкүн болгон комбинация:

2 эркек + 1 аял

2 аял + 1 эркек

Бул эрежелер ар бир округда иштейт.

Ошондой эле, парламент үчүн жалпы эреже бар: кеминде 30 депутаттык мандат аялдарга же эркектерге таандык болушу керек (муну менен аялдарга мүмкүнчүлүктөр кепилденет).

Эгерде бир орун бошоп калса, анда аны добуштун саны боюнча кийинки талапкер ээлейт, мында «бир жыныстагы талапкерлер үчтөн көп болбошу» эрежеси сакталат.

БШК шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу боюнча системалуу саясатты жүргүзөт.

Дээрлик бардык активдүү инклюзивдик уюмдардын катышуусунда атайын жумушчу топ түзүлгөн.

БШК майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждыктар картасын туруктуу негизде түзүп турат жана ар бир шайлоо участогу боюнча майып шайлоочулардын так саны, майыптык түрү жана керектелүүчү жардам формасы катталат.

Көрүүсү начарлар үчүн чоңойтуу линзалары бар, көзү азиздер үчүн трафареттер даярдалган.

Үгүт материалдардын жалпы тиражынын кеминде 1% Брайль шрифти же башка атайын каражаттар менен басылып чыгышы керек.

87% УИК пандустар менен жабдылган.

БШКда төмөнкү жумушчу топтор иштейт:

- Талапкерлер жана саясий партиялардын шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ;
- Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъекттерине маалымат берүү жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топ;
- Майыптыгы бар жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууну өркүндөтүү боюнча жумушчу топ;
- Майыптыгы бар жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча жумушчу топ;
- Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топ;
- Ыкчам чараларды координациялоо тобу;
- Контролдук жана ревизиялык топ.

Шайлоо процессиндеги субъекттердин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссиясынын чечимдерине, шайлоо комиссиясынын же алардын кызматкерлеринин чечимдерине же аракеттерине (же аракетсиздигине) даттануу эрежесине ылайык, жогорку деңгээлдеги шайлоо комиссиясына даттанууга тийиш. Ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери же аракеттери (же аракетсиздиги) боюнча - сотко даттануу аркылуу жүргүзүлөт.

БШКнын чечимдери жана аракеттери (же аракетсиздиги) боюнча биринчи инстанциядагы сотко кайрылса болот, ал чечимге макул болбогондо Жогорку сотко кайрылат. Жогорку соттун чечими акыркы болуп саналат жана кайра даттанууга жатпайт.

Шайлоого даярдык учурунда түшкөн арыздар/даттануулар түшкөн күндөн тартып шайлоо комиссиялары же сот тарабынан 3 күндүн ичинде каралат, добуш берүү күнү же ага бир күн калганда түшкөн арыздар – дароо каралат. Мөөнөтүнөн мурда өтүүчү шайлоодо бул мөөнөт 2 күнгө кыскартылды.

Эгер шайлоого даярдык учурунда түшкөн арыздардагы фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүн ичинде кабыл алынат. Мөөнөтүнөн мурда шайлоолордо бул мөөнөт 3 күнгө кыскартылат.

БШКнын сайтында даттануулар жана арыздардын электрондук реестри иштейт.

Бул реестр ачыктыкты камсыз кылат жана шайлоодо келип түшкөн арыздар, алардын кароосу, кабыл алынган чечимдер жана соттук актылар тууралуу маалымат берилет.

БШК көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча республикалык деңгээлде шайлоо жыйынтыктарын аныктайт.

БШК АШКлардын протоколдоруна таянып, анда көрсөтүлгөн маалыматтарды суммалап, ар бир талапкер үчүн көп мандаттуу округда берилген добуштарды эсептейт.

Жогорку Кенешке талапкерлердин шайлоо жыйынтыктары БШК тарабынан расмий түрдө 2 жуманын ичинде жарыяланат.

БШКнын сайты: www.shailoo.gov.kg – акыркы жаңылыктар жана шайлоо жыйынтыктарын көрүүгө болот.

Шайлоону көзөмөлдөө жагынан биз байкоочуларды, анын ичинде чет элдик байкоочулардын келишин колдоп, алардын иштөөсү үчүн шарттарды түзүп беребиз.

Эл аралык уюмдардын жана чет мамлекеттердин өкүлдөрүн аккредитациялоо боюнча арыздар белгиленген тартипте каралат.

**Жарандык байкоочулар:**

Шайлоо мыйзамдарын жана шайлоо процессин, ошондой эле адам укуктарын коргоо багытындагы коммерциялык эмес уюмдар өз уставдарына ылайык шайлоону көзөмөлдөө жана байкоочуларын жөнөтүү тууралуу чечим кабыл ала алышат.

2025-жылдын 29-ноябрына карата эки коомдук фонд - «Тынчтык фонду” жана “Сезим” майыптардын коому” - жарандык мониторинг жүргүзүү ниетин билдирген.

**Эл аралык байкоочулар:**

КР БШКсы 58 өлкөдөн 788 эл аралык байкоочуну аккредитациялады.

Алар :

1. 20 өлкөнүн борбордук шайлоо органдарынын 39 өкүлү;
2. 11 эл аралык уюм жана парламенттик бирикмелерден 680 өкүл (анын ичинде Европа коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ОБСЕ) Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунан 274 байкоочу);
3. Кыргыз Республикасындагы 18 элчиликтен 69 байкоочу.

Добуш берүү күнү:

- бардык 2618 УШК видеокөзөмөл менен жабдылган, түз эфирде көрсөтүлөт.

Алардын:

- 2492си – туруктуу шайлоо участоктору;
- 100 – чет өлкөлөрдөгү участоктор;
- 27 – аралыктан добуш берүү участоктору.

БШКга кезеги менен 16 камерадан чыгып турат. Арыздар жана мыйзам бузуулар байкоого алынып, алар боюнча дароо чара көрүлөт.

КР БШКсы шайлоо алдындагы үгүткө жалпысынан 137 ЖМКны аккредитациялады:

- Басма сөз – 37;
- Телеканалдар – 41;
- Радио – 19;
- Интернет-басылмалар – 40

**Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат.**